“Тарых жана мурас” түрмөгү



## Кыргыз жана Карахандар каганаттары

# КУТТУУ БИЛИМ ЖАНА МАМЛЕКЕТ

Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган жыйнак

Бишкек – 2015

«ТАРЫХ ЖАНА МУРАС» ТҮРМӨГҮ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына караштуу Кыргызстан элдеринин тарыхый жана маданий мурастарынын "Мурас" Фонду
Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына караштуу "Ыйман" Фонду
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тарых музейи
"Бурана мунарасы" архитектуралык-археологиялык музей комплекси
"Кыргыз Тарых Коому" эл аралык коомдук бирикмеси
"Диалог-Евразия" коомдук фонду
Шинжаң "Манас" изилдөө борбору
Эл аралык Түрк академиясы

## Кыргыз жана Карахандар каганаттары

# КУТТУУ БИЛИМ ЖАНА МАМЛЕКЕТ

Карахандар доорунун залкар ойчулу жана акыны Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган IV эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйындагы баяндамалардын жыйнагы

Бишкек ш., 2015-жылдын аяк оона (сентябрь) айынын 18-19у

Бишкек - 2015

**И. Ш. Султаналиев**
Карахандар доорундагы уңгу морфемалар жана азыркы кыргыз тили ........ 270

**И. Ш. Султаналиев**
Карахандар доорундагы сөздөрдүн азыркы түрк тилдерине которулушу ........ 273

**Н. А. Чоробаева, М. У. Абдразакова**
Улуу ойчулдардын чыгармаларындагы инсан модели ........ 277

**Н. Ж. Эсенкулов, Ж. Шеримбаева**
Основные проблемы источниковедческого исследования статистических материалов экспедиций п.а.скрыплева и п.п.румянцева (информативные возможности, представительность, достоверность и сопоставимость) ........ 284

**4–СЕКЦИЯ**

**АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА АНТРОПОЛОГИЯ: ЖАҢЫ ТАБЫЛГАЛАР**

**Ю. С. Худяков**
Вооружение кыргызов Тянь-Шаня ........ 289

**А. Ю. Борисенко, Ю. С. Худяков**
Сведения европейцев о военном деле Енисейских кыргызов позднего средневековья и нового времени ........ 295

**Г. Ф. Габдрахманова, Р. Н. Мусина, С. В. Суслова**
Тюрко-татарский вектор российской этнологии: итоги и перспективы исследований для тюркологии ........ 298

**С. Г. Скобелев**
Наконечники стрел крылатой формы с железными свистунками у Енисейских кыргызов ........ 307

**Б. Р. Зориктуев**
Баргуты Китая и проблема происхождения этнической общности Баегу (байырку) ........ 311

**Ж. К. Есимова**
Динамика населения северных областей Казахстана в период освоения целины ........ 317

**Ж. К. Абдиева**
“Манас” эпосундагы жер-сууга табынуу ырымдарынын чагылдырылышы ........ 321

**В. Э. Анарбекова**
“Дивану Лугати-т-Түрк” сөз жыйнагындагы кошоктор жана ага тарыхый сереп ........ 329

**Ш. Д. Батырбаева, Э. Т. Турсунова, О. А. Солтобаев, И. Айдарканов, Н. Наркозу уулу**
Жусуп Баласагындын доорунун өзгөчөлүгүн Карахандар мамлекетинин борборун 3d-реконструкциялоо аркылуу чагылдыруу ........ 334

**Б. Бообек уулу**
Карахандар доорундагы көчмөн мал чарбачылыкта жылкынын орду: (Махмуд Кашкари жана Жусуп Баласагындын эмгектеринин негизинде) ........ 340

**В.А. Колченко, А.И. Торгоев**
Слои караханидского времени на городище Красная Речка (по итогам исследований раскопа-15 в 2008-2015 гг.) ........

***А. Б. Мамытова***
Этнографические аспекты изготовления деревянного каркаса юрты ........

***А. Б. Мамытова***
*Жилище в системе традиционного мировоззрения кыргызов* ........

***Н. С. Момунбаева***
*XIX-XX кылымдардагы кыргыздардын салттуу кийимдеринин окумуштуу-саякатчылардын эмгектеринде изилдениши* ........

***К. Табалдиев, Карачаг Абдуллах***
Археологические исследования в Кан-Дюбе (Кан-Дөбө) ........ 360?

10 Жусупов, К. Кыргыздардын байыркы маданияты. – Б.: Бийиктик, 2006. – 228 б.
11. Ислам энциклопедический словарь. – М., 1991. – 315 с.
12. История Киргизской ССР. – Ф.: Кыргызстан, 1984. - Т.1: с древнейших времён до середины XIX в. – 590 с.
13. Карасаев, Х. Камус наама. "Манас сөздүгү". – Ф.: Кыргызстан, 1990.
14. Коркут ата. пер. В.В. Бартольда. – Баку, 1950. – 230 с.
15. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары /Түзүүчүлөр: М. Кожобеков, Т. Абдиев. – Б.: 2002. – 370 б.
16. Кыргызстандагы мазар басуу. Талас тажрыйбасынын негизинде. – Б., 2007. – 437 б.
17. Кюнер, Н.В. Новые китайские материалы по этнографии киргизов (хакасов) VII – VIII вв. н.э. – Абакан, 1951. - Вып. 2.
18. Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. – Б., 1995. - 1-китеп. – 294 б.
19. Манас. Сагынбай Орозбаков варианты боюнча. – Ф., 1978. - I китеп. – 294 б.
20. Манас. Сагынбай Орозбаков варианты боюнча [Текст]: эпос. – Ф., 1995. - I китеп. – 445 б.
21. Манас энциклопедия. – Б., 1995. - I-II. Бөлүк
22. Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. – Ф., 1982. - IV китеп. – 660 б.
23. Манас. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Ф., 1984. - I китеп. – 245 б.
24. Токарев, С.А. Ранние формы религии [Текст] / С.А. Токарев. – М., 1990. – 622 с.
25. Потапов, Л.П. Умай - божество древних тюрков в свете этнографических данных. – М.: Наука, 1979. – С.265-286.
26. Штернберг, Л.Я. Первобытная религия в свете этнографии /Л.Я. Штернберг. – Л., Наука, 1936. – 330 с.
27. Худяков, Ю.С. Енисей кыргыздарынын тарыхы /Ю.С. Худяков // Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт. "Мурас" коомдук фонду; "Кыргыз Тарых Коому" ЭКБ. "Тарых жана мурас" түрмөгү. – Б.: Кыргызстан, 1993. – 118-240 бб.
28. Юдахин, К.К. Киргизско-русский словарь. – Ф.: Кыргмамбас, 1965. – 503 с.
29. Юдахин, К.К. Киргизско-русский словарь. – Ф.: Кыргызстан, 1985. – 474

**В. Э. Анарбекова,**
окутуучу.,
Жалал-Абад мамлекеттик университети
(Жалал-Абад, Кыргызстан)

## "ДИВАНУ ЛУГАТИ-Т-ТҮРК" СӨЗ ЖЫЙНАГЫНДАГЫ КОШОКТОР ЖАНА АГА ТАРЫХЫЙ СЕРЕП

Байыркы түрк жазмасындагы эстеликтер улуттук маданияттын кенчинен орун алып, түрк элдеринин көөнөрбөс мурастарынын булагы таризде тарых-этнография, тил-адабият өңдүү бир катар илимдердин өнүгүшү үчүн баа жеткис байлык болуп калды.

Татар жана өзбек адабиятынын тарыхынын авторлору Орхон-Энесай эстеликтеринин салты кашкарлык Махмуддун «Түрк тилдеринин жыйнагында» уланганын белгилейт. Бул пикир жалпы түрк тайпаларынын баарына бирдей таандык, анткени, байыркы түрк доору азыркы түрк элдерине тегиз тиешелүү экендиги илимде аныкталган маселе.

Махмуд Кашкари (Барскани) (1029-1101) "Дивану лугати т-түрк" китебин араб тилинде жазган. Бирок, өз учурундагы түрк тилдеринин дээрлик бардыгын камтыганга аракеттенген. Сөздүктүн негизги бөлүгү 8 баптан турат, аларды Махмуд "ките ("китаб")" деп атаган.

Биринчиси – "Хамза китеби" (б.а. сөздөр жалаң үндүүлөр менен башталуучу бап). Алла – тааланын Китебине тооп кылуу менен жазылган. Экинчиси болсо – "Салим китеби" (туура үнсүз тамгалар башында келген сөздөрдүн бабы). Үчүнчүсү - "Мудаа' аф китеби" (кош кабат үнсүздөр башында келген сөздөрдүн бабы). Төртүнчүсү - "Мисал китеби" (эң башында үлбүрөк үнсүздөр келген сөздөрдүн бабы). Бешинчиси – "Үчемге эгедерлер китеби" (уңгу сөздүн ортосунда үлбүрөк үнсүздөр келчү сөздөрдүн бабы). Алтынчысы – "Төртемге эгедерлер китеби" (уңгу сөздүн акырында үлбүрөк үнсүздөр келчү сөздөрдүн бабы). Жетинчиси – "Гунна китеби" (мурун аркылуу айтылчу үнсүздөр келчү сөздөрдүн бабы). Сегизинчиси – "Эки сукуун чогуу келчү китеп" (үндүү тыбышты ээрчитпеген эки үнсүздүн удаа келиши менен түзүлгөн сөздөрдүн бабы) [14, 123].

Айрым маалыматтар боюнча "Диванда" түрк элдеринин тилдеринен иргелип алынган миңдей сөз чагылдырылган. Түркчө сөздөр уңгусунун алфавиттик ыраааты боюнча уяларына жайгаштырылып, ар бир сөздүн арабча котормосу берилген. Көбүнчө сөздүн таржымасын берип тим болбой, автор сөздөрдүн кеңири түшүндүрмөсүн да берет. Тигил же бул сөзгө байланыштырылып колдонулган макал-ылакаптардын саны 290го жетет. Ошондой эле 4 кошок ыры (марсийа), бир катар элдик баатырдык дастандардын үзүндүлөрү, жаз, с... жана башка жөнүндөгү ырлардан парчалар ыгы менен колдонулат [15,34]. Биз ... маалыматтардын ичинен Алп эр Тоңонун өлүмүнө кошокту мисал келтирсек:

Алп Эр Тоңа өлдүбү?
Эсиз дүйнө калдыбы?
Замана өчүн алдыбы?

Эми жүрөк жыртылар - Афрасиаб (Алп Эр Тоңа) өлдүбү? Жалган дүйнө анда... калдыбы? Тагдыр, замана өчүн алдыбы? Эми ал үчүн заманага куйүнүп, өкүнүп жүрөк айр... (жыртылар) [10, 72].

Улушту эрлер бөрүдөй,
Жакаларды жыртышып.
Кыйкырышып бакырып,
Сыктап көздөн жаш кетти – Афрасиабдын өлүмүнө кайгыргандар бөрүдөй улуп – ун... жакаларын жыртып, үн чыгарып, өкүрүп ыйлай берип көздөрү көрбөй калды [10, 209].

Алп Эр Тоңону тарыхый маалыматтардан изилдөөгө аракет жасадык. Аны тар... булактарда Афрасиаб деп атап жүрүшөт. Биринчиден - түрк, азербайжан, өзбек, түр... элдеринин уламыштарында Афрасиаб ирандыктардан келип чыккан түрк элдери... негиздөөчүсү, башчысы жана баатыры деп эсептелинет. Экинчиден - ал жакын турган к... элдерге кол салып караткан. Афрасиабдын образы төрт окшош персонаждарды өзүнө камт... да, айрыкча Алп Эр-Тонга деп айтылат. Афрасиаб Караханийлердин жана Селжуктар... негиздөөчүсү деп эсептелинет. Орто кылымдардагы миф, уламыш булактар... катарларында Афрасиаб өлүмдөн качып кетүүгө аракет кылган. Бир вариантында чеп ку... бийик кеткен темир дубалдарды тургузуп кирип чыга турган жерлерин бекемдеп жа... салган деп айтылат. Темир балкаларда жасалма күн, ай жана жылдыздар илинген. Түб... жашоону белек кылып берер деген үмүттө Афрасиаб сулуулук жана кудурет кудайына... курмандыктарды чалып турган. Бирок, күндөрдүн биринде менчик жасалма багында сейи... жүргөн кезинде өз өлүмүнө учурайт. Өлүм ага дененин түсүндөй кара жана каа... келбетиндеги адам образында келет жана жанын алып кетет [8, 90-95]. Ал кошокто мынд... сүрөттөлөт:

Заман күндү шаштырар,
Адам күчүн кемитер.
Ааламдан эрди түгөтөр,
Качса деле ал жетер – замана күнүгө пендесин алдастатып, күч – кубатын кайта... жалган дүйнөнү адамдардан арылтат, (Афрасиаб менен анын жолдоочулары сымал) өлүм... (ким) качса деле, аны ээрчип жүрүп табат [10, 175-176].

Үчүнчүдөн - эфталит – эпталит – хептал – хайтал деген сөздөрдүн этимологиясын ... тарыхчысы Балөами (10 к) Хайатила (hayatila) терминин көп архаикалык сөздөр ме... салыштырат. Анын "Тарихи Табари" (Лакнад, 1312/1874 жж.) деген эмгегинде "Хайат... (hayatila) аталышын "хайтал" (haital) сөзүнүн көптүк түрүндө, Бухари тилинде хайтал (h... "күч", "күчтүү адам" дегенди түшүндүрөт жана бул сөз араб тилинде "хайтал" (haital) б... өзгөргөн [3, 128]. Ал эми В. А. Левшиц чыгыш-иран хотан-сактык тилде "эр жүрөк", "кары... [6, 206] дегенди түшүндүргөнүн белгилейт. Ушул эле сөздү байыркы түрк тилинен издег... мындай сөз бар экен. Бул баатырдык, эрдик, эр жүрөктүүлүк, баатырдын эрдиги. Демек, А... Алпал, Алптал, Алпагут, чыныгы аты Алп Ертунга, Алп Тегин ж.б. Алп – байыркы ... тилиндеги сөздүктө көп маанини берет. Мисалы,

1. Баатыр, чечкиндүү, чоро;
2. Кайраттуу, эр жүрөк, чечкиндүү;
3. Баатырдык, эр жүрөктүүлүк, туруктуулук;
4. Мыкты атуучу адам;

Бул окуя кошок ырында төмөндөгүчө сүрөттөлөт –
Адаты анын ушул да,
Теңбиз анын алдында.
Аалам мээлеп атканда,

Тоо чокусу жарылат.
Атса огун кезгерип,
Ким тура алат тап берип?
Тоону атса керилип,
Анын төшү жарылат [1, 10?]- мында баатырдын көзгө аттар мерген, эр жүрөктүүлүгү жана кайраттуулугу сүрөттөлүүдө

Төртүнчүдөн - сөздүктө 5-6 кк жазуу эстеликтериндеги көпчүлүк баатырлардын согуштагы көрсөткөн эрдиктери женүндө мисалдар келтирилет. Турфандагы манихей текстинде "мамлекетти (Эл) эр жүрөктүүлүк жана каруулук (алп) менен башкарган" деп айтылат.

Заман түгөл куурады,
Акылмандар азайды.
Азгын-тозгун жыйналды,
Акылман бек (Афрасиаб) өлгөнү - заман бүтүндөй тескери айланды, бузулду. Өнөр, билим-парасат, тазалык азайды. Залим, начарлар каптап жайылды, өнөр-билим менен кан Афрасиаб жоголду. Ал жоголгондон соң ушундай болду [10, 129].

Алп+эль-Алпэль же болбосо Алп эли "баатырлардын мамлекети" дегенди түшүндүрөт. Эль (Ел) – уруу союзу, эл, мамлекет, өлкө. Алп-тал-Алптал сөзмө сөз "кайраттуу баатыр" (+ тал уңгуга кошулуп айтылып маанисин өзгөртүп жиберген) [7, 435].

Бешинчиден - эфталит термини Эфтал+ит "эфтал" атоочко "ит" уңгусунун жалгануусу менен маанисин өзгөртүп жиберген. Эфтал булактарда эптал, хептал, ефтал, хефтал деп кайталанат. Мындан улам Эфталиттердин баштоочусу Эфталандын атынан болушу мүмкүн деген божомол да туулат.

Тарыхчы Феофан Византийский (6 к) "Эфталиттердин падышасы Эфталан Перозду жеңгенден кийин перстер бул аймакты биротоло жоготушкандыгын" айтат [5, 493]. Байыркы түрк тилиндеги булактарда ондон ашык түрк башкаруучулардын атын аташат: Алп Кутлуг, Алп Тархон, Алп Тогрул, Алп Тегин, Алп Турмиш ж.б. ошолордун ичинен бизге кызыктуусу Алп Эр Тонга (Алп Эр Тунга) анткени фольклордук ырларда тагыраак айтканда кошокто жогоруда айтылгандай учураттык.

Мурдагы Карлук каганатынын жана айрым өз алдынча түрктөрдүн, ошондой эле Саманийлердин Мавераннахрдагы бийлеген чөлкөмдөрү X к. ортосунда – XI к. башында бирдиктүү Кара кагандар мамлекетине баш кошту. Бул мезгил бүткүл Орто Азиядагы феодализмдин өнүккөн доору болгон [14,23-24]. Карахандардын легендарлуу генеалогиясы жөнүндөгү ойду биринчи жолу В. В. Григорьев XX к аягы (1974-ж) жана В. В. Бартольд тарабынан колдоого алынган. Бүгүнкү күнгө чейин Орто Азиянын элдеринин тарыхында жашайт [7, 493]. В. В. Бартольд өз оюн так аргументтер менен айткан, Турандын падышасы Афрасиаб деп аталышы мүмкүн эмес, же болбосо бул ат түрк ысымдарынан эмес. Карахандардагы 2 окумуштуу-тилчи Махмуд Кашгари жана акын Баласагундук Жусуп хасс Хажиптин (Хасс Хажип – ордодогу "атайын кызматчы" деген барктуу чин) Афрасиаб – түрк башкаруучусу жана анын аты Алп Эр Тонга, анын баатырдык иштерин ыр саптарында кошуп жазган.

Кут алчу билим чыгармасында төмөндөгүдөй берилет:
"Бу турк бекларидан оти белгулук, Тўнгаалп эр эрди;утибелгулук. Тожикларaюр они Афросиңб,Бу Афросиң болди элларни талоб [4].

Сөзмө-сөз которгондо мааниси – Аны ыйык белгилүү Алп Эр Тонга деп аташты, Алп – баатыр, эр жүрөк. Эр – эркек, азамат, эр жүрөк, аскер, Тонга ( Тўнга) – өзүнүн чыныгы атынын башка колган аты Жолборс.

Мындан улам Алп Эр Тонга – Баатыр-Аскер-Жолборс же Жолбор-Аскер-Баатыр же кайраттуу-Аскер-Жолборс. Алп Эр Тонганын – Афрасиабды башкаруу мезгили Караханиддердин Борбордук Азияны 5-6 кк эфталиттердин башкаруучусу Эфлатан – Алпталан Алп Эр Тонгага жакындыгы бар. Ошондуктан тарыхый ысымдардын этимологиясы Эфтал-Эптал-Алптал-Алпталан Алп Эр Тонго - Тонго Алп Эр менен салыштырса болот. Өзбек тарыхчысы И. М. Муминовдун оюу боюнча Эфталиттердин башкаруучусу Эфлатан-Алпталан Алп Эр Тонганын жакындыгы бар. Өзбектердин Алпамыш баатырдык эпосу мазмуну жагынан көчмөн турмуштагы эфталиттердин доору менен байланышат [13, 158]. М. Кашгаринин жана Ж. Баласагундун жазуу булактарында Афрасиаб байыркы түрк башкаруучусу Алп Эр-Тонга экендиги баяндалат.

Карахандардын урпактары акын Фердоусинин “Шахнамэ” эпосунда Туран мамлекетинин колбашчысы Афрасиабдын урпагы экендиги жөнүндө айтат. Авестада Франрасьян деп экерилет, ал эми Афрасиабдын түркчө аты Алп Эр Тоңа деген оюна кошулууга болот. Афрасиаб – Алп Эр Тоңа 626 жылы Иран падышасы Кейкысыраундун алдоосу менен уулandырылып өлтүрүлгөн. [16].

Афрасиаб – байыркы Самаркан (же Маракан) шаарынын урандысы, Согдиана мамлекетинин борбору. [9, 353].

Демек, легендага айланган Алп Эр Тонго ар кандай этимологиялык чечмелөөлөрдүн негизинде бүгүнкү күндөгү алп баатырга арналган кошок ырлары аркылуу тарыхый инсан экендиги изилдөөчүлөрдүн эмгегине таянуу менен далилденди. Анткени, кошок ырларынын мазмуну чындыкка таянгандыгында. Ошону менен катар чыгармада ***“кошок”*** деген сөздүн өзүн да жолуктурууга болот.

Таркан катын кутуңа,
Жеткир менден кошок.
Айткын: “Сиздин кулуңуз
Өтүнөт жаңы кызмат” – ардактуу кутман ханышага менин кошогумду (мактоо, арман ырымды) жеткир да, ага минтип айт: “Сиздин берилген кызматчыңыз жаңы кызмат өтөөнү сурайт” [10, 373-374].

Ошону менен катар сөздүктө белгисиз баатырдын өлүмүнө арналган кошокту да кезиктирүүгө болот.

Душман отун өчүргөн,
Жолун тороп көңтөргөн,
Кууп аны кетирген,
Ок тийип өзүн өлтүрдү.
Чоң ишке бел байлаган,
Дасторкону жайнаган,
Кышкызын да ызгаардан,
Ал үмүт болуп көрүндү.
Элге даам таттырган,
Каар душманды качырат,
Ограк жоосун кайтарган [1, 102].
Басты өлүм агдары. [10, 500] – ал көптөгөн улуу иштердин башында турган, ал конокторун аш менен сыйлап (ал эми) душмандарын кулатчу (эле), а түгүл ограк кошуунун да мизин кайтарып; акыры (минтип) агдары өлүм басып отурат. Ограк деген эл. Кашгариде март жана баатыр эл катары сыпатталат

Каны агып жошулду,
Кабы баары тешилди.
Өлүк менен кошулду,
Тууган күнү ушинтип баатыр маркумду сыпаттап мындай дейт. Куду көп, чанач жарылып ичинен суюктук акканда, анын каны жошулду, эми ал өлгөндөргө кошулат, анын (бешенесине) тууган күнү ушинтип батар [11, 101].

Күн-түн туруп ыйладым,
Жашым менин сарыгып,
Күнү-түнү тынбай ыйлап,
Көзүмдүн жашы куюлду [11, 187] - мында аял кишинин маркумду жоктоп жаткандыгы байкоого болот. Мисалы бүгүнкү күндө да кыргыз элинде маркумга карата айтылган жоктоо ырлары менен салыштырсак:

Түнөгүнө келемин,
Түнөгүнөн таба албай.
Түңүлүп ыйлап кетемин,
Жайытына келемин.
Жайытынан таба албай,
Жалдырап ыйлап кетемин.
Артыңдан барып таба албай,
Менин эки эле көзүм оюлду[2, 43] - деген кошок саптарында сөздүктөгү жоктоолор менен түздөн-түз үндөшөт.

Жоонун отун өчүргөн,
Ордодон аны көчүргөн.

Ишти озуп бүтүргөн,

Огу тийди өлүмдүн – маркумдун касиеттерин айтат: ал жоонун жаккан отун өчүрүп, турак ɔдосунан көчүрүп жиберген. Ал бардык ишти тыкан жасачу, бирок минтип ага ажал огу тийди 0,505].

Бектер атын арытып,

Кайгы аларды тоздуруп.

Меңдүү жүзү саргарып,

Заапаран ага сүрткөндөй - Афрасиабды кошуп: "Бектер атын чарчатып (келишти), кайгы іарды мөгдөттү, чырайлуу жүздөрү заапаран сүрткөндөй саргайды", - дешкен [12].

Демек, тарыхый кошок ырлары бүгүнкү күнгө чейин өз өмүрүн эл арасында айтылып үргөн кошок ырлары менен улантат. Анткени, азыркы саптар менен байыркы доорлордогу эктоолордун үндөшкөнүн байкоого болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Ала-Тоо журналы, №3(47). Март,2013.
2. Айдаркулов К. А., Мырзабаева Н. С., Анарбекова В. Э. Кошок – инсандыэскерүү жанры. Жалал-ад, 2014.
3. Абу али Мухаммад Балөами. Та'рих-и Табари. Ч.1. Д.: Ирфон, 1992.
4. Благодатное знание. М, 1983.
5. Византийский Вестник, 1860, 493 б// Гафуров Б. Г. Таджики: древнейшая, дреняя и эдневековая история. Второе издание. Первая книга. Д, 1989.
6. Гафуров Б. Г. Таджики: древнейшая, дреняя и средневековая история. Второе издание. Первая ига. Д, 1989.
7. Девони лу; отит турк. Т 1. С. М. Муталлибов об Афрасиабе. Т, 1963.
8. Короглы Х. Огузский героический эпос. М, 1976.
9 Кыргыз Совет Энциклопедиясы. (КСЭ). Ф, 1978. 1 том. 353-б
10. Махмут Кашгари. Дивану лугати – т түрк. (түркий тилдер сөз жыйнагы). 1-том которгондор: дувалиев И., Акматов Т., Оморов А., Султаналиев И., Толубаев М., Б.:Бийиктик, 2013.
11. Махмут Кашкари. Дивану лугати-ат түрк (түркий тилдер сөз жыйнагы). 2-том которгондор дувалиев И., Акматов Т., Оморов А., Султаналиев И., Толубаев М., Б.: Бийиктик, 2013.
12. Махмут Кашкари. Дивану лугати-ат түрк (түркий тилдер сөз жыйнагы). 3-том которгондор: оров А., Жалал-Абад, 2015.
13. Муминов И. М. История Узбекской ССР с древнейших времен до наших дней. Т.: Фан. 1974.
14. Чоротегин Т. К. Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын «Дивану лугати т-түрк» сөз жыйнагы )72-1077). Б.:Кыргызстан, 1997.
15. Чороев. Т. К. Махмуд ибн Хусейн ал-Кашгаринин "Дивану лугати т-түрк" эмгеги (1072-1077-) Теңир-Тоо жана Ички Азия түрк элдеринин тарыхы боюнча булак катары. Докторлук ссертациянын авторефераты. Б, 1998.
16. drk.kz